УДК: 809.434.(575.2.) (043.3)

Шарипова Э.К., Ысмаилова Р.А., Салимов Р.
*Ош мамлекеттик университети, Ош шаары.*

# КЫРГЫЗСТАН ЖАРАНДАРЫНЫН РУХАНИЙ КООПСУЗДУГУ

*Бул макалада Кыргызстан жарандарынын руханий коопсуздугу улуттук коопсуздуктун негизи катары философиялык талдоого алынат.*

*In this article analyzes the spiritual safety of the citizens of Kyrgyzstan as a basis for national security.*

Ааламдашуу жана геосаясий атаандашуу шартында Кыргызстан жарандарынын улуттук, руханий коопсуздугун сактоо маселеси негизги орунга чыгууда. Руханий коопсуздук (анын маданий-тарыхый, маалыматтык-психологиялык, диний, идеологиялык, илимий, билим берүүчү жана башка компоненттери) улуттук коопсуздуктун негизги түзүүчүсү катары деструктивдүү ички жана тышкы таасирлерге тез кабылат. Андыктан Кыргызстандын улуттук коопсуздугун камсыздоо системасынын негизги максаттарынын бири болуп жарандардын руханий дүйнөсүн коргоо боюнча милдеттерди чечүү саналат. Бул маселени изилдөө, айрыкча, руханий кризис (нравалык, интеллектуалдык, эстетикалык) шартында зор теориялык жана практикалык мааниге ээ.

Социумдун руханий жашоосу көп түрдүүлүккө ээ, адамдардын интеллектуалдык, этикалык, эстетикалык ишмердүүлүгүн, ошондой эле индивидуалдык, топтук жана массалык аң-сезимди камтыйт. Демек, руханийликти, социумдун руханий чөйрөсүн коргоо, руханий коопсуздукту камсыз кылуу жөнүндөгү маселе каралганда азыркы кыргызстандык жарандардын коомдук аң-сезимин ички жана тышкы деструктивдүү таасирлерден коргоо боюнча милдеттерди чечүүгө көңүл буруу максатка ылайыктуу.

Улуттук аң-сезимге ой жүгүртүүнүн жана жүрүм-турумдун этностон тышкаркы, глобалисттик стереотиптерин максаттуу сиңирүүгө умтулуу улуттук коопсуздукка олуттуу коркунуч туудурат, анткени ал стереотиптер улуттук иденттүүлүктү бузуп-жарып, элдердин менталдуулугуна негативдүү таасир тийгизет. Бул жагдайды терең түшүнүү менен бирге геосаясий атаандаштар мекендештердин аң-сезимине батыш маданиятынын универсалдуу үлгүлөрүн жайылтууга аракеттенишүүдө. Азыркы геосаясий мейкиндикте улуттук иденттүүлүктүн жоголушу экономикалык же аскердик потенциалдын, өлкөнүн эгемендүүлүгүнүн жоюлушу менен барабар. Бүгүнкү социомаданий кырдаалда руханий, айрыкча, маалыматтык-психологиялык, маданий коопсуздукту камсыздоо чөйрөсүндөгү абалга терең көңүл буруу мезгил талабына айланууда. Айрым чет өлкөлүк атаандаштар мамлекетибиздин бирдиктүү руханий (маданий, маалыматтык, конфессионалдык) мейкиндигин бузууга умтулушу мүмкүн.

Азыркы Кыргызстанда руханий улуттук биримдик калыптанып бүттү деп айтууга эрте. Кыргызстандык улут маданий- тарыхый феномен катары мурунку «совет эли» сыяктуу социалдык жалпылыкка айлана элек. Бул жагдайга улуттук өнүгүүнүн бирдиктүү идеясынын, кыргызстандык социумду консолидациялаган идеологиянын толук иштелип чыга электиги негативдүү таасирин тийгизүүдө. Калктын материалдык статусу боюнча бөлүнүшү да социалдык чыңалууну пайда кылып, руханий чөйрөдөгү деструкцияны жана дезинтеграцияны тереңдетет. Мындай татаал абал радикалдык көңүл маанайдын өсүшүнө алып келет. Демек, социумдун дезинтеграциясы өлкөнүн руханий жардылыгы, суверендүүлүктүн жоголушу катары каралат.

Ар бир улутка жашоонун стратегиялык жана тактикалык максаттары, дүйнөгө болгон көз караштык императивдер зарыл. Бул негиздер социумду бириктирүүгө, негативдүү көрүнүштөрдү жеңип чыгууга өбөлгө түзөт. Кыргызстандык коомго сунушталып келген идеологиялык декларациялар обьективдүү реалдуулукка жана көпчүлүктүн кызыкчылыктарына карама-каршы келген учурларда прогрессивдүү өнүгүү жөнүндө сөз кылууга болбойт.

Кыргызстанда бүгүнкү социомаданий кырдаалда руханий коопсуздукту камсыздоо проблемасынын актуалдуулугун баса белгилеген дагы бир негизги аспект болуп коомдун конфессионалдык белгиси боюнча бөлүнүшү саналат. Белгилүү болгондой, конфессиялар аралык карама-каршылыктын антагонисттик денгээлге чейин күчөшү - өлкөнүн бөлүнүп-жарылышынын белгилеринин бири. Мамлекеттик конфессионалдык кызматташуу тармагында социалдык мамилелердин өнүгүшү, диний бирикмелердин өз ара карым-катнаш чөйрөсүндө ички коркунучтарды жоюу кыргызстандык социумдун руханий коопсуздугун камсыздоонун негизи катары баалуу.

Руханий коопсуздук проблемасын чечүүнү глобалдык максаттарга жетүүдө да концентрациялоо, цивилизациялык, руханий (диний, маалыматтык, маданий) саясатты турмушка ашырууда эске алуу зарыл. Геосаясий атаандаштык шартында жалпы улуттук геостратегия менен катар руханий геостратегияны ишке ашыруу максатка ылайыктуу (дүйнөлүк руханий геостратегиялык мейкиндиктин үстүнөн көзөмөлдөө теориясынын практикага айланышы). Демек, кыргызстандык коомдогу руханий коопсуздук жөнүндөгү социалдык-философиялык концепциянын өнүгүшү бүгүнкү күндөгү негизги илимий, философиялык проблема болуп эсептелет. Анткени руханий чөйрөдө болуп жаткан процесстер Кыргызстандын өнүгүшүнө позитивдүү же негативдүү таасир тийгизиши мүмкүн. Ошол себептүү руханий коопсуздук негизги интегралдык жана уникалдуу феномен катары философиялык анализге муктаж.

Руханийлик - адам болмушунун негизги түзүүчү элементи, диний (иррационалдык-идеалдык) жана светтик (прагматикалык-материалдык) мүнөзгө ээ болгон кубулуш. Ошону менен бирге эле өзүнүн чыгармачыл потенциалын ишке ашырган субьектинин конкреттүү ишмердүүлүгү аркылуу чагылдырылат. Ал индивидуалдык жана коомдук болмуштун маңызын аныктайт. Социумдун деструктивдүү эволюциясынын негизинде деструктивдүү руханийлик жатат. Материалдыктын руханийликтин үстүнөн басымдуулук кылган социумдун абалы коркунучтуу деструкция болуп эсептелет.

Руханий коопсуздук улуттук коопсуздуктун негизи катары мамлекеттин маалыматтык, илимий, билим берүүчү, маданий, идеологиялык жана диний чөйрөлөрүн коргоо абалын мүнөздөйт. Руханий чөйрө демейки жана илимий коомдук аң-сезимдин, идеологиянын жана коомдук психологиянын деңгээлинде калыптанат. Руханий чөйрө - бул социалдык мамилелердин өзгөчө тармагы; анда адамдардын руханий жыргалчылыктары түзүү, жеке жана коомдук чыгармачыл потенциалын жогорулатуу, жалпы улуттук маданий баалуулуктарды түзүү жана сактоо процессиндеги ишмердүүлүгү жөнгө салынат. Руханий чөйрө социалдык турмуштун бардык чөйрөлөрүнө белгилүү таасир тийгизүү менен бирге, улуттардын жана мамлекеттердин жашоосу үчүн аныктоочу мааниге ээ. Руханий коопсуздук рух экологиясын, аң-сезим экологиясын сактоо, коргоо болуп саналат. Руханий коопсуздукту камсыз кылуу, анын натыйжасы катары кыргызстандык улуттук интеллектуалдык, нравалык, эстетикалык потенциалын коргоо аскердик, экономикалык, социалдык, саясий жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу сыяктуу эле зор мааниге ээ. Бул жагдайды азыркы Кыргызстандын улуттук коопсуздугун камсыз кылуу системасын калыптандырууда эске алуу зарыл.

Руханий чөйрө - улуттук коопсуздукту камсыздоонун обьектиси катары баалуулуктарды, идеяларды, максаттарды тандап, ой жүгүртүп сактоого негизделген руханий мамилелердин жыйындысы. Руханий чөйрөдөгү улуттук коопсуздукту камсыздоонун негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат: Кыргызстандын улуттук бирдиктүү руханий мейкиндигин сактоо; улуттук патриоттук өздүк аң-сезимди калыптандыруу, мамлекеттик тилди коргоо, улуттук маданияттарды өнүктүрүү.

Азыркы кыргызстандык социумдун руханий чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыз кылуунун негизги багыты болуп өлкөбүздүн жарандарынын коомдук аң-сезимин деструктивдүү таасирлерден коргоо системасын калыптандыруу эсептелет. Демек,

улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун негизги обьектилеринин бири болуп Кыргызстандын руханий чөйрөсү саналат.

Улуттук коомсуздукту камсыздоодогу субьектилердин негизги милдети - ар бир инсанды, коомду, мамлекетти ички жана тышкы коркунучтардан коргоо. Руханийликтин ички жана тышкы коркунучтары – бул түрдүү тышкы күчтөрдүн, потенциалдык атаандаштардын, душмандардын деструктивдүү иш-аракеттеринин, шарттардын, факторлордун жыйындысы; ал айрым индивидге же жалпы социумга маданий, маалыматтык, илимий, билим берүүчү жана диний чөйрөлөрдө зыян келтириши мүмкүн. Азыркы Кыргызстандын руханийлигине таасир тийгизген ички коркунучтарга төмөнкүлөр кирет: улуттук руханий баалуулуктардын калыптанган жана жалпы коом тарабынан кабыл алынган системасынын жоктугу; коомдук аң-сезимдин деформациясы, анын натыйжасы катары патриоттук өздүк аң-сезимдин кыйрашы, коомдук аң-сезимге улуттук менталдуулукка жат болгон ой жүгүртүү жана жашоо образынын стереотиптерин сиңирүү, массалык маалымат каражаттарындагы мүчүлүштүктөр, коомдук аң-сезимди коргоонун мамлекеттик системасынын жоктугу, жарандардын руханий нигилизми, деструктивдүү баалуулуктар системасынын калыптанышы, идеологиянын жоктугу.

Руханийликтин тышкы коркунучтарына төмөнкүлөр кирет: геосаясий атаандаштардын жарандардын коомдук аң-сезимине деструктивдүү таасири, алардын маалыматтык согуш концепциясын ишке ашырууга умтулуп, массалык батыш маданиятын жайылтууга аракеттениши, диний, псевдодиний, миссионерлердин, террористтик, экстремисттик уюмдардын экспансиясы.

Улуттардын руханий өнүгүүсүнүн негизги фактору болуп алардын өздүк аң-сезими эсептелет. Өздүк аң-сезим субьектке социалдык чөйрөдө ыңгайлашууга, өзүнүн мамилесин аныктоого жардам берет. Субьект өзүнө жана башкаларга белгилүү аксиологиялык ченемдерге таянып гана баа бере алышы белгилүү. Андыктан өздүк аң-сезим нравалуулук, мораль менен тыгыз байланышкан. Ыймансыз, адепсиз индивид моралдын жалпылык колдогон нормаларын кабыл албайт, ал эми моралын, адеп-ыйманын жоготкон коом өзүн улут катары аныктай албайт. Ошол себептүү мамлекет тез арада улуттук аң-сезимди, руханий бирдиктүү системаны сактоо боюнча иш-чараларды кабыл алууга милдеттүү. Чыныгы улуттук аң-сезим катары патриоттук аң-сезимди кароого болот. Нравалуулук, патриотизм улуттук өздүк аң-сезимдин негизин түзөт. Бул жагдайда патриотизмди фашизмге, расизмге же ксенофобияга жакын түшүнүк катары кароого мүмкүн эмес. Патриоттук өздүк аң-сезими күчтүү улут гана бардык кыйынчылыктарды басып өтө алат. Азыркы социомаданий кырдаалда геостратегиялык абалын сактап, бекемдөө үчүн кыргызстандык улут өзүнүн дүйнөлүк жалпылыктагы ордун аныкташы зарыл.

Адабияттар:

1. Бытийные основания изменения нравственности человечества. //Динамика нравственных приоритетов человека в процессе его эволюции. Материалы XIX Междунар. науч. конфер. Часть 1. -СПб.: Нестор. 2006. -186-200-б.

2. Изменение статуса идеологического субъекта. //Философские вопросы естественных, технических и гуманитарных наук: Сб. статей междун. науч. конф / под ред. Дегтярева Е.В. – Магнитогорск: МаГУ, 2006. - Т.2. - 3-9-б.

3. Идеология и философия в свете проблемы их научности. //Актуальные проблемы становления личности в современном мире: Сб. материалов научн. конф. /Под ред. Дегтярева Е.В. Магнитогорск: МаГУ, 2007. - 50-57-б.